СҮЙҮҮ БИЗДИН БАЙЛЫГЫБЫЗ

Сөзү: Улукбек Омокеевдики
Обону: Түмөнбай Колдошовдуку
2018-жыл, 4-декабрь

Бир калаанын ичиндебиз,
Бир санаанын түбүндөбүз.
Бир бакыттын сыртындабыз,
Бир кусанын изиндебиз.

Кайырма:
Бир кыялдын кучагында,
Бир сезимдин тузагында.
Бир үмүттүн үстүндөбүз,
Бир батабыз ыза-муңга.

Сүйүү сенин жолдошуңбуз,
Бир өмүрлүк болбосуңбуз.
Кошулбаган сымап, суубуз,
Кошулушкан коргошунбуз.

Кайырма:

Сүйүү – обон, кайрыгыбыз,
Сүйүү – күйүт, кайгыруубуз.
Сүйүү биздин карызыбыз,
Сүйүү биздин байлыгыбыз.